# БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕПТЕ ОКУТУУНУН КӨРСӨТМӨЛҮҮ УСУЛДАРЫН КОЛДОНУУНУН ЗАРЫЛЧЫЛЫГЫ

**Молдокасым к. А.**
*Молдокасым кызы Айнагүл – магистрант, С.Нааматов атындагы НМУ, Нарын ш.*

***Аннотация:*** *Бул эмгекте башталгыч мектептин педагогикалык процессинде окутуунун көрсөтмөлүү усулдарынын ролу зор экендиги тууралуу сөз болот. Алар мугалим берген маалыматты ырастоо максатында колдонулат, бирок көйгөйлүү окутуунун элементтери менен колдонулат, чыгармачыл мүнөз күтө алышат.*

***Негизги сөздөр:*** *Окутуунун усулдары, көрсөтмөлүүлүк усул, индуктивдүү жана дедуктивдүү усул, репродуктивдүү жана изденүүчү усул.*

## Необходимость использование методики наглядности преподавания в начальной школе

***Ключевые слова:*** *методы обучения, методы наблюдения, методы индуктивный и дедуктивный, методы репродуктивный и исследуемый.*

## The need to use tse method of visualization of teaching in primary school

NGU. Moldokacim kisi Ainagyl

***Key words:*** *Teaching methods, methods of observation, inductive and deductive methods, reproductive and investigational methods.*

Окутуунун усулдары көйгөйү педагогика илиминде жана мектепте окутуу практикасында эң маанилүүлөрдүн бири болуп саналат, анткени окутуу усулдары – бул мугалим алардын жардамы менен окуучуларды илимдердин негиздери менен куралдантуучу, аларда таанымдык жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүүчү, инсанынын өнүгүүсүн камсыздоочу, илимий дүйнө көрүмдү калыптандыруучу башкы шаймандар.

Педагогикада окутуу усулдарынын бай арсеналы топтолгон. Аларды маалыматты кабыл алуу булактарына жана дидактикалык милдеттерге жараша ар кыл тайпаларга классификациялашат. Усулдар окуучулардын таанымдык ишмердүүлүгүн активдештирүүгө жол берүүчү окутуунун моделдеринде айкалышат жана комбинацияланат. Бул үчүн окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу менен жүзөгө ашыруунун усулдарынын бардык арсеналы – сөздүк, көрсөтмөлүү жана практикалык усулдар, репродукциялык жана изденүүчүлүк усулдар, индуктивдүү жана дедуктивдүү усулдар, ошондой эле өз алдынча иштин усулдары колдонулат.

Окуу-таанымдык ишмердүүлүктү уюштуруунун усулдарынын ар бири маалыматтык-окутуучу гана эмес, мотивациялык да таасирге ээ болот. Бул мааниде окутуунун каалаган усулунун түрткү берүүчү мотивациялык кызматы жөнүндө айтууга болот. Мугалимдердин иш тажрыйбасында жана илимде окуунун оң мотивдерин калыптандырууга атайын багытталган усулдардын чоң арсеналы топтолгон. Бул учурда түрткү берүү кызматы биринчи планга чыгып, калган бардык усулдардын билим берүү кызматын жүзөгө ашырууга көмөктөшөт.

Көп психологдор кыялдануунун аркасы менен адам жаратарын, өз ишмердүүлүгүн акыл-эстүү пландаштырарын жана аны башкарарын белгилешет. Адамзат ушул мезгилге чейин түзгөн материалдык жана руханий маданият, анын кыялдануусунун өнүгүүсүнүн өнүмү болуп саналат. Дал ушул кыялдануу адамды анын көз ирмемдик жашоосунун чегинен тышка чыгарат, өтмүш жөнүндө эске салат, келечекти ачат. Бай кыялданууга ээ болуп, адам түрдүү мезгилдерде «жашай» алат, муну дүйнөдө башка эч бир жандык кыла албайт. Шексиз, коомдун прогресси балдардын бүгүнкү муунунун кыялдануусунун өнүгүүсүнөн түз көз карандылыкта турат. Ошондуктан аны өнүктүрүүнүн усулдары менен ыкмалары – азыркы билим берүүнүн актуалдуу көйгөйлөрүнүн бири.

Балага өз алдынча ишмердүүлүккө, жана өзгөчө, предметтик-практикалык ишмердүүлүккө умтулуу мүнөздүү. Анын окуусунун ийгилиги ал өзү курчап турган дүйнөнүн предметтерин өзгөртүп түзүүгө мүмкүндүккө ээби, ушундан көз каранды болот.

Кенже мектеп окуучусу, К.Д. Ушинскийдин айтымы боюнча, «формалар, боёктор, добуштар, дегеле туюмдар менен» ойлонот [3, 5-6]. Анын ой жүгүртүүсү конкреттүү-элестүү катары мүнөздөлөт. Демек, башталгыч окутуу көрсөтмөлүү болууга тийиш. Окутуунун көрсөтмөлүүлүгүнүн дидактикалык принциби 300 жылдан ашуун мурда Я.А.Коменский тарабынан алдыга коюлган [2]. Көрсөтмөлүүлүктү Ж.Ж.Руссо, Песталоцци, И. Гербарт ж.б. жакташат [3,4].

Россияда көрсөтмөлүүлүк принцибинин өнүгүүсү К.Д. Ушинскийдин, А.Я. Герддин, Д.Д. Семеновдун, В.П. Вахтеровдун, К.П. Ягодовскийдин, М.Н. Скаткиндин ысымдары менен байланыштуу [1].

Азыркы мезгилде көрсөтмөлүүлүк принциби башталгыч окутуудагы маанилүүнүн бири катары бекемделди. Анын илимий мазмунунун негизинде кенже мектеп окуучусунун таанымдык ишмердүүлүгүн моделдөө, алардын билимдерди өздөштүрүү процессиндеги модель менен түпнусканын карым-катышы жатат. Кенже мектеп окуучуларынын ой жүгүртүүсү менен кыялдануусун өнүктүрүүдө окутуунун көрсөтмөлүү усулдарынын мааниси зор. Бул жөнүндө Алексюк А.Н, Бабанский Ю.К, Голуб Б.А, Дудецкий А.Я, Немов Р.С, Мухина В.С, Чошанов М.А. ж.б. өз эмгектеринде жазышкан.

Башталгыч мектептин педагогикалык процессинде окутуунун көрсөтмөлүү усулдарынын ролу зор. Алар мугалим берген маалыматты шөкөттөө максатында колдонулат, бирок көйгөйлүү окутуунун элементтери менен колдонула, чыгармачыл мүнөз күтө алышат.


Бул усулдар эстутумду, ой жүгүртүүнү, кыялданууну өнүктүрүүгө түрткү болушат. Бирок мында көңүл буруунун ролун танууга жарабайт. Белгилүү болгондой, көңүл буруу бардык психикалык процесстерди тейлеген кызмат болуп саналат. Көңүл буруусуз бир дагы аң-сезимдүү ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу мумкүн эмес, көңүл буруусуз ой жаралбайт. Демек, көңүл буруусуз окутуу процессин ченемдүү курууга болбойт. Ошондуктан окуучулардын көңүл буруусун башкарууга үйрөнүү ушунчалык маанилүү.

Кенже мектеп окуучуларында көңүл буруунун туруктуулугу аз, аларга көп алаксуу мүнөздүү. Ушуга байланыштуу биринчи сабактардан тартып көңүл бурууну «тарбиялоо» зарыл.

Көрсөтмөлүү усулдарсыз башталгыч класстардын мугалиминин ишин элестетүүгө болбойт, анткени мектеп жашына чейинки балдарда жана кенже мектеп окуучуларында маалыматты көрсөтмөлүү берүүнү талап кылуучу көрсөтмөлүү-элестүү жана көрсөтмөлүү-аракеттик ой жүгүртүү басымдуулук кылаары белгилүү. Бул, мисалы, М. Монтессоринин мектептеринде эске алынган жана момундай сөздөр менен берилген:

«Качан мен угуп жатканда – мен унутам,
Качан мен көрүп жатканда – мен эстеп калам,
Качан мен жасап жатканда – мен окуп-үйрөнөм» [3, 5-б].

Тааным пирамидасы окутуунун ар кыл усулдарынын майнаптуулугун көрсөтмөлүү берет.




Окутуунун көрсөтмөлүү усулдарын шарттуу түрдө эки чоң тайпага: иллюстрациялар усулуна жана демонстрациялар усулуна бөлүүгө болот.

Иллюстрациялар усулу окуучуларга иллюстрациялык куралдарды: плакаттарды, сүрөттөрдү, жадыбалдарды, карталарды ж.б.у.с. көрсөтүүнү болжойт.

Демонстрациялык усул адатта приборлорду, тажрыйбаларды, техникалык орнотмолорду, кинофильмдерди көрсөтүү менен байланышкан.

Окуу процессине жаңы техникалык каражаттарды кийирүү окутуунун көрсөтмөлүү усулдарынын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтет.

ОТКнын (окутуунун техникалык каражаттары) ар кыл түрлөрү болот:

- маалыматтык;
- программаланган окутуу;
- билимдерди текшерүү;
- тренажерлор;
- комбинацияланган.

Аларга төмөнкүлөр киришет:

- кинопроекторлор;
- диапроекторлор;
- видеомагнитофондор;
- телевизиондук комплекстер;
- компьютерлер;
- мультимедиялык тутум;
- документ - камера.

Алар дайыма өркүндөтүлүшөт; мектептерге жаңы, апробацияланган ОТК түшөт (мисалы, документ-камера чукулда көп мектептерге барат).

ОТКын башталгыч мектепте колдонуунун жыштыгы окутуу процессинин майнаптуулугуна таасир кылат. Эгер ОТК абдан сейрек колдонулса, анда аны ар бир колдонуу өзгөчө окуяга айланат да, окуу материалын кабыл алууга жолтоо болуучу эмоцияларды козутат. Тескерисинче, ОТКын ашыкча көп колдонуу окуучуларда ага кызыгуунун жоголуусуна апкелет

Окуу процессинде ОТКын колдонуунун оптималдуу жыштыгы окуучулардын жаш курагынан, окуу предметинен жана аларды колдонуу зарылдыгынан көз каранды.

ОТКын колдонуунун майнаптуулугу сабактын этабынан да көз каранды. ОТКын колдонуу сабакта 20 мүнөттөн ашпоого тийиш: окуучулар чарчашат, жаңы маалыматты түшүнбөй калышат, аңдай алышпайт.

ОТКын сабактын башында колдонуу (5 мүнөт) даярдоо мезгилин кыскартат, ал эми чарчоо жана көңүл буруунун жоготуу адаттагыдан 5-10 мүнөт кеч келет.

ОТКын сабактын 15- жана 20-мүнөттөрү менен 30- жана 35-мүнөттөрүнүн ортосундагы аралыкта колдонуу окуучулардын туруктуу көңүл буруусун иш жүзүндө бүткүл сабак ичи кармап турууга жол берет.

Бул абалдар ар бир сабак ичинде окуучуларда көрүү жана угуу кабыл алуусунун мүнөздөмөлөрү (курчтугу, босоголору, сезимталдыгы), көңүл буруу, жетишүү мезгили менен өзгөргөнүнө байланышкан. Жаңы материалды окуп-үйрөнүүнүн бир каражатын монотондуу колдонууда окуучуларда 30-мүнөттө эле чегине жете токтоо жаралып, ал маалыматты кабыл алууну дээрлик толугу менен жокко чыгарат. Ар кыл каражаттарды туура кезектештирүү бул кубулуштун алдын алат. Чыңалган акыл эмгеги мүнөттөрүн эмоциялык жеңилденүү, көрүү жана угуу кабыл алуусун жеңилдентүү менен кезектештирүү зарыл.

Башталгыч класстарда көрсөтмөлүү усулдарды колдонуусуз сабакты элестетүүгө болбойт. Башталгыч мектептин мугалимдери басма көрсөтмөлүүлүктүн ар кыл түрлөрүн колдонушат. Мектепте мультимедиялык тутумдун, компьютердик программалардын, документ-камеранын пайда болуусу менен педагогдор заманбап ОТКын сабактарда жана сабактан тыш убакта канааттануу менен колдонушат.

Ошентип, көрсөтмөлүүлүктүн каражаттары чыгармачыл, изилдөөчүлүк мүнөздөгү өз алдынча ишти уюштурууда билимдер булагы ролунда чыга алат. Бул учурда мугалим тапшырманы аныктайт, окуучулардын ишмердүүлүгүн багыттайт.

Көрсөтмөлүүлүктүн каражаттары окуучуларды сурамжылоодо көрүү таянычы болуп кызмат кылат. Мисалы, диафильмдин кадрларынын мазмунун колдонуп, окуучулар адабий чыгарманын үзүндүсүн кайра айтышат.

Бир сабакта колдонулуучу окутуу каражаттарынын саны, сабактын конкреттүү билим берүүчү жана тарбиялоочу максаттары менен аныкталат. Мугалим сабакта окутуунун башка каражаттарына качырбай, окуу китебин гана колдонуу жетиштүү деп эсептеген учурлар болушу мүмкүн. Муну менен бирге бир катар учурларда көрсөтмөлүүлүктүн түрдүү түрлөрүн комплекстүү колдонуу зарыл [3].

Башталгыч класстарда окуучулардын үйрөнүлүп жаткан объекттер жөнүндө элестетүүлөрү гана эмес, түшүнүктөрү да калыптанат. Ушул милдеттердин ар бирине жетишүүгө көрсөтмөлүүлүктүн ар кыл түрлөрүн колдонуу көмөктөшөт. Окутуу каражаттарын колдонууга карата комплекстүү мамиленин бул талабы алардын кызматтарынын бөтөнчөлүгү менен байланышкан.

Окутуудагы көрсөтмөлүүлүккө төмөнкү мүнөздөмөлөр таандык:

- ал билимдерге ээ болуунун баштапкы учуру, булагы жана негизи болуп кызмат өтөйт;
- окуу материалын оптималдуу өздөштүрүүнү жана аны эстутумда бышыктоону камсыздоочу окутуу каражаты болуп саналат;
- чыгармачыл кыялдануу менен ой жүгүртүүнүн өнүгүүсүнүн пайдубалын түзөт;
- ээ болунуучу билимдердин ишеничтүүлүгүнүн чен-өлчөмү болуп саналат;

- ар кыл туюм органдарына жана таасирденгичтикке таянуу жолу менен эстутумду өнүктүрүү ыкмасы болуп чыгат;
- окуучулардын формалар, боёктор, добуштар, жалпы эле туюмдар менен ойлонууга ынтаалуулугуна ылайык келет;
- сезимдик-көрсөтмөлүү таасирленүүнүн, эстутумдун элесинин жана чыгармачыл кыялдануунун элесинин кайтарым байланышын камсыздайт;
- булчуңдук-кыймылдык көрсөтмөлүүлүк көрүмдүк, кыймылдык жана угумдук элементтерди камтыган кыймылдык формулалар түрүндө жүзөгө ашырылат.

**Адабияттар:**

1. Дудецкий А. Я; Алхимов Д. Д. Сравнительная характеристика воссоздающего воображения у учащихся 1, 2, 3 - го и 4 - го классов. Уч. зап. СГПИ. –Смоленск, 1957, вып. IV, ч. П. - 98 с.

2. Зельманова Л.М. Наглядности в преподавании русского языка: Пособие для учителя. -М.: Просвещение, 1984. - с. 159.

3. Кудрявцев В. Т. Проблемное обучение: истоки, сущность, перспективы. – М.: Знание, 2001. - 165 с.

4. Фадеева О.В. Развитие творческого воображения на уроках изобразительного искусства у младших школьников / О. В.Фадеева. -Ярославль, 2002. -133 с.